*УДК: 37.013.*

*DOI:10.35254/bhu/16948386_2021_56_57_91*

***Сабырова Э. С.,***
*К. Карасаев атындагы БМУ*
***Алымбаева Б. Б.,***
*Педагогика жана профессионалдык билим берүү лабораториясынын илимий кызматкери*

# АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ

***Кыскача мазмуну***

*Бул макалада авторлор, үй-бүлөдө балдарга туура тарбия берүүдөгү ата-энелердин көз карашын калыптандырууну карашкан. Макалада педагогикалык-теориялык ойлордун негизинде тарбиялоо көрсөтүлдү. Өсүп келе жаткан муундардагы мыкты адамдык сапатты тарбиялоо жөнүндөгү ойду акыл-ойчулдар дайыма айтышкан жана дагы айтып келишүүдө. Ушул айтылган ойду ата-энелер күнүмдүк практика учурунда колдонушу керек. Руханий дөөлөттөрү бай жана бекем үй-бүлө бардык мезгилдерде, баардык коомдордун бакубаттыгынын пайдубалы катары каралган. Балдарды туура тарбиялоо маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин көңүлүнүн чордонунда турушу зарыл деп эсептешет. Анткени балдарды тарбиялоо адамзат, улут, социум топтогон социалдык-тарыхый тажрыйбаны, маданиятты, руханий адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы катары көрсөтүшкөн. Макалада педагогикалык-теориялык ойлордун негизинде тарбиялоо көрсөтүлдү.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *үй-бүлө, мектеп, билим, эмгекке тарбиялоо, тарбиялоо, үй-бүлөлүк тарбиялоо, адеп-ахлактык, руханий баалуулуктар, окумуштуулар, көз караш.*

# РАБОТА С РОДИТЕЛЯМИ

***Аннотация***

*В данной статье авторы и педагоги сосредоточили внимание на формировании педагогических и теоретических подходов к работе с родителями. Они считают, что вопрос воспитания детей в семье и в школе всегда должен быть в центре внимания государства как стратегический вопрос. Потому что воспитание детей было представлено как инструмент передачи социально-исторического опыта, культуры, духовно-нравственных традиций, накопленных человечеством, нацией и обществом. В статье на основе педагогических и теоретических представлений показана роль родителей и школы в образовании.*

*Показано, что в этнопедагогике воспитания является основной задачей родителей. Авторы статьи уделяют главное внимание трудового в воспитании правильному образу жизни, уважения к многовековому наследию кыргызского народа и дается характеристика семейным традициям, обычаям и нравам.*

***Ключевые слова:*** *семья, школа, образование, трудовое воспитание, воспитание, семейные традиции, нравственно-духовные ценности, ученные, мнение.*

# WORK WITH PARENTS

***Abstract***

*In this article, the authors and teachers focused on the formation of pedagogical and theoretical approaches to working with parents. They believe that the issue of raising children in the family and at school should always be in the center of attention of the state as a strategic issue. Because the upbringing of children was presented as a tool for the transfer of socio-historical experience, culture, spiritual and moral traditions accumulated by humanity, nation and society. Based on pedagogical and theoretical concepts, the article shows the role of parents and schools in education.*

*The authors of the article devote the main attention to labor in the upbringing of the correct way of life, respect for the centuries-old heritage of the Kyrgyz people, and characterizes family traditions, customs and morals.*

***Key words:*** *family, school, education, labor education, education, family traditions, moral and spiritual values, scientist, opinion.*

Кыргыз коомунун туруктуу өнүгүүгүсү анын баштапкы уюму болгон үй бүлө институтунун руханий-педагогикалык баалуулуктарынын бакубаттыгына байланыштуу болот. Күн тартибиндеги көйгөйлүү маселелердин катарында ар түрдүү өнүттөгү изилдөөлөрдүн предмети болуп келген. Мугалим жана ата-энелер коомчулугунун өз ара кызматташтыгынын көп кырдуу проблемалары Кыргызстандык изилдөөчүлөр А. И. Акулова, Б. Апышев, М. Р. Балтабаев, Бешимов, А. Э. Измайлов, Н. И. Имаева, С. Иптаров, К. Кыдыралиев, З. Кусеинова, М. Р. Рахимова, Б. Тойбаев, А. Акматалиевдердин эмгектеринде каралган [1, 67-б].

Үй-бүлө дегенге түшүнүк берсек, бул — маданий-тарыхый жана социалдык психологиялык чөйрө, баланын турмуш мектеби, ата-эне болсо баланын өмүрлүк устаты жана тарбиячысы болуп саналат. Балдардын келечеги, алардын билими, маданияты, жүрүм-туруму дагы ата-эненин сиңирген эмгегине, ошондой эле этнопедагогикалык идеяларга тарбия берүүсүнө байланыштуу болот. Ошондуктан ар бир ата-эне өзүнүн баласы билимдүү, илимдүү, маданияттуу, тартиптүү болуусун алдын-ала эсине алып тарбиялоого милдеттүү экендиги абзел. Бизге белгилүү болгондой, балдардын тулку боюнун, ден соолугунун, маданиятынын калыптана турган убагында үй-бүлөдөгү туура берилген тарбиянын таасири өтө маанилүү болуп саналат. Ал эми мыйзамдын эң негизги максаты бала бакчадан мектепке барганга чейинки мезгилде балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери пландуу түрдө ишке ашырылып, үй-бүлөгө педагогикалык жардам берүү максатын көздөйт. Ал эми балдарды тарбиялоодо жоопкерчиликтери терең болгондуктан, ата-эненин педагогикалык билимин жогорулатуу азыркы мезгилдин актуалдуу маселеси десек болот. [4, 463-б].

Албетте, ата-бабаларыбыздын өткөндөгү үй-бүлө мектебиндеги педагогикалык таза идеялары, турмуштук тажрыйбалары жаштарды өзүнө тартып, адептүүлүк жактан таза болууга, ата-энелерин, бир туугандарын урматтап сыйлоого багыт берген. Ата-эненин кең пейилдиги, адептүүлүк жактан тазалыгы балдарына өтөт. Мындай үй-бүлөдө ата-энелер менен балдарды эмгектеги өз ийгиликтери тууралуу да маек курушат. Ата-энелер китеп окууга жана эмгекке көбүрөөк басым жасашса, көпчүлүк убактарда алардын жакшы сапаттары балдарына өтөт. Эгер үй-бүлө тиричилигинде ата-энелер шайыр, ачык болушса, мындай үй-бүлөдөн тарбия-таалим алган балдары да ошондой эле жагдайда болушу мүмкүн. Өзүбүз көрүп-билип жүргөндөй кээ бир үй-бүлөдө дагы да болсо катаал тарбия менен тарбиялоо, моралдык коомдук турмушка адилет болбой, өзүнүн тар кызыкчылыгын, күндөлүк жыргалчылыгын гана көздөө менен жашап жатканы байкалат. Албетте, мындай моралдык багыттагы жашоо турмушу өзүнүн изин балдарынын кыял-жооругуна калтырып, алардын аң-сезимине оңолгус так коюшу ыктымал. Мындай үй-бүлөнүн эң негизги максаты байлык топтоо.

Экономикалык жана социалдык мамилелер жаңыланып жаткан мезгилде билим берүү тармагында да сандан сапатка умтулуу, жаңылануу жана натыйжалуу аракеттер байкалууда. Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн негиздери жана аны ишке ашыруунун механизмдери нормативдик документтерде, башкача айтканда “Билим берүү жонундогу”законунда,”Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүүнүн концепциясында”, “Кыргыз Республикасында билим берууну 2012–2020-жылдарда өнүктүрүү стратегиясында” жана аларды ишке ашыруунун планында көрсөтүлгөн. Бул документтерде орто мектепте билим берүүнүн сапатын которууго жана ага түздон-түз тиешеси болгон үй-бүлө менен бирдиктүү иш алып барууга өзгөчө көнүл бурулган [6, 1-б].

Мектеп окуучуларынын билим сапаты алган билимдерине көз каранды.

Ал эми элеттик мектепте билим берүүнүн сапатына бир нече факторлор таасир тийгизет, алардын ичинен мугалим менен ата-энелердин максатту багытталган бирдиктүү иш-аракеттери өтө маанилүү.

Баланын сабакка көнүлү чаппаганы же кызыгуусунун жоктугу, үй-бүлөдөгү жашоо шартына байланыштуу. Ата-эне баласына жетиштүү көнүл бурбай жумушта жүргөнү аз келгенсип, кечинде бошогондо, эки сааттын ичинде баланы көзөмөлдөп, ага талаптарды кое баштайт. Бул көрүнүш баланы ого бетер жүдөтөт. Бул көрүнүш айрыкча айыл жергесинде жашаган үй-бүлөөлөрдө кездешет. Көбү баланы сабак окуп жаткан учурунан алаксытып жумшаганды адатка айланткан. Же айрым ата-эне баласына убакыт бөлгөндөн эринип тапшырмасын өзү аткарат. Же болбосо балага көңүлкош мамиле кылгандар көбөйүүдө. Айыл жергесиндеги балдарга ата-энелери бир үй-бүлонүн түйшүгүн артып коюшкан. Бала сабакты эмес, үй жумушун биринчи орунга коет.

“Баланын биринчи мугалими –ата-эне”. Үй-бүлө бекем болсо, балага тарбияны ата-энеси татыктуу берсе, коом да туруктуу бекем болот. Биз окуткан балдар билимдүү болсо, коом да ошончолук билимдүү болот. ”Дарак жемиши, адам иши менен нарктуу”-дегендей мугалим–өнөр ээси, тарбиячы-ата-эне. Чыгармачыл адам жана окуучунун ой жүгүртүүсүн жандантып, окууга болгон умтулуусун ойготуп, аны келечекте жакшы адам болуп калыптанышына күзгү болуп туруш керек [2, 88-б].

Окуучунун “Саламатсызбы?”-деп учурашканы мугалимдин жан дүйнөсүн нурлантат. Билим сапатынын ачкычы

мугалимдин колунда деп айтышат. А бирок коомдогу көйгөйлөр көмүскөдө калып жатпайбы? Себеби бала мектепте болгону 5 саат болот, калган 19 саатын коомдо, үй-бүлөдө өткөрөт. Мисалы билим сапатынын төмөндүгү бир нече факторлорго байланыштуу. Алар окуучунун ден соолугунун чын болушуна күнүмдүк тамак-ашка керектүү витаминдер менен азыктанбагандары, кээ бир ата-энелердин аракка берилүүсү, ата-энелердин күн-түн (2смен) иштегени, балдарына көңүл буруунун аздыгы, айрым окуучулар ата-энелери менен соода сатык кылышы, ата-энелердин чет өлкөлөргө иштөөгө кетиши, (балдарын туугандарына калтыруусу) мектепке чейинки бала-бакчалардын аздыгы, педагог адистердин, окуу китептердин жетишсиздиги, айрым ата-энелердин динге берилүүсү менен өз балдарын дагы медресеге бериши, ата-эненин баланын билим алуусуна жана тарбиясына көңүл коштугу. Коомдогу ушундай көйгөйлөр окуучунун билим-тарбия алуусун төмөндөтөт. Балдар биздин, Кыргызстандын-эртенки келечеги. Келечектеги балдарга ата-эне бардык мүмкүнчүлүктөрүн жумшап, аларга жакшы билим алуусуна шарт түзүп бериши керек. Ошондой эле баланын келечектеги турмушунун жакшы болуусуна аракет жасоо негизги милдети. Ата-энелик милдетин аткарган, ата-энелерибиз менен байланышты кучөтүү керек. Аракет кылган ата-энелер бар, бирок көпчүлүк учурда алар маселени чечүүнүн эффективдүү жолдорун таба алышпайт.

Япониядагы маалыматтарга караганда 1 баласын тарбиялоо үчүн, атасын же энесин 5 жыл окутат экен. Бизде окуткан мындай турсун, жашы жете элек турмуш курган үй-бүлөнүн саны көбөйдү. Буга ким күнөөлү?

Малайзиядагы маалыматтарга караганда, үйлөнө турган балдар жана кыздар атайын сынактардан өтүшөт экен.

Азыркы күндө Япония, Корея, Кытай турмушу, билими боюнча эң алдыга озуп чыкты. Себеби аларда балдарына болгон таалим-тарбия, билимине системалуу турдө карашат. А биздин ата-энелерчи? Балдарыбыз эмне менен алек болуп жатат, сабакта жана сабактан кийин, кечинде эмне иш кылат, эмнени ойлонуп жатат ишибиз жок. Ата-эне баласынын билим алуусуна кызыгып, күнүнө жок дегенде 1саат китептерди чогуу биргеликте окуп, анын мазмунун чогуу талкуулап турса, китепке болгон кызыгуусу артып, өз алдынча окууга көнүгөт эле [3, 66-б].

Анан калса, айыл жериндеги ата-энелер педагогдордун, писихологдордун жардамына муктаж. Алар балдардын сапаттуу билим алышын каалашат, ага өз салымдарын кантип кошууну билишпейт, бүт жоопкерчиликтин баарын мугалимдерге жүктөп коюшкан. Жадакалса мигранттын балдарын да мугалимдер көзөмөлгө алышат.

Азыркы учурдун көйгөйүнө ички жана тышкы миграция да таасирин тийгизүүдө. Себеби баланын атасы да, апасы да балдарын туугандарына таштап, жумуш издеп кетүүдө. Ал эми туугандары баланын тарбиясына жана окуусуна өзүнүн ата-энесиндей карай алышпайт.

Биз мугалимдер, ата-энелер, коомчулук менен биргеликте көптөгөн иштерди жасап алсак болот. Ата-энелерди, коомчулукту, баланын билим алуу процессине тартуу максатында жаш өзгөчөлүгүнө карата иш-чаралар түзүлүп, аткарыла баштады. Ата-энелер менен биргеликте семинар-тренингдерде, тегерек столдордо ата-энелерден түшкөн суроолор, ой-пикирлерди анализдеп биз төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик. Биздин ата-энелердин билими өтө төмөн. Айрыкча балдарды окутуп-тарбиялоо боюнча эч кандай адабияттар, маалыматтар менен таанышышпайт экен. Ошондуктан ушул өткөрүп жаткан семинарларды көбөйтүп ар бир ата-энени катыштырып, ар түрдүү иш-чараларды өткөрсөк.

Элеттин ата-энелери үчүн, массалык-маалымат каражаттарын көбөйтүп, атайын ата-энелер үчүн гезит-журналдарды чыгарсак жакшы болот эле. Ошол гезит-журналдарга: ата-энелердин ийгиликтери чагылдырылса, башка ата-энелерде дагы шыктануу пайда болот эле.

Баланын билимине, тарбиясына мектеп эле жоопту болбостон, ата-энеси да, коомчулук да-бул милдеттемени өзүнүн иштеринин негизи катары карашса, жакшы жыйынтыктырды берип, ийгиликке жетүүгө мүмкүнчүлүк көбөйөт [5, 80-б].

Жыйынтыктап айтканда, ата-энелер баланын, өспүрүмдүн, жаш балдардын жүрүм-турумуна жана ой жүгүртүүсүнө сереп салууга көмөк бериши керек. Билим берүү уюмдарынын жетекчилери, мугалимдер жана ата-энелер ар бир баланын тарбиялоо диагностикасынын тажрыйбаларын билиши жана алардын өсүшүнө көмөк бериши зарыл. Жемиштүү тарбиялоону уюштуруу үчүн, педагогдордун эң маанилүү иши — бул ата-эне менен окуучулардын ортосундагы карым-катнашты бекемдөөсү болуп эсептелет.

***Адабияттар***


*1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары / А. Алимбеков. — Бишкек: Алтын тамыр, 1997. — 62- б.*

*2. Алымбаева Б.Б., Сабырова Э. С. Үй-бүлөдөгү каада-салт, үрп-адаттардын балдарга тийгизген таасири. / Б. Б. Алымбаева, Э. С. Сабырова // Вестник Иссык-Кульского университета им. К. Тыныстанова. — 2016. — 88-б.*

*3. Сабырова Э.С., Алымбаева Б. Б. Балдарды эмгекке тарбиялоодо улуттар аралык салыштыруу (Корея, Япония, Кытай, Россия ж.б.) / Э. С. Сабырова, Б. Б. Алымбаева // Вестник Бишкекского государственного университета им.К.Карасаева. — 2019. — № 3(49) –66-б.*

*4. Макаренко А. С. Книга для родителей / Макаренко А. С. — Москва, 1986. — 463 с.*

*5. Мурзаев М. С. Тарбиялоонун психологиясы / М. С. Мурзаев. — Ош, 2008. — 80-б.*

*6. Кыргыз республикасынын өкмөтү токтом. — 2012. — № 201. — 18-б.*